Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
27. Sayı 2019

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
27-саны 2019

# Ханафий мазхабынын аалымдары тууралуу жазылган “Табакат” китептер

**Жаркынбай Себетов***

**Аннотация**

Ханафий мазхабы – диний-укуктук мектептердин бири. Бул мазхаптын негизги имамы Имам Аазам Абу Ханифа болуп эсептелет. Ошону менен бирге алгачкы учурлардан бери эле ханафий мазхабынын диний-укуктук мектеп катары калыптанып өнүгүшүндө салымы болгон көптөгөн аалымдар жашап өткөн. Бул аалымдар өздөрүнүн илимий иш-аракеттери: жазган китептери, айткан пикирлери, окуучулары аркылуу бул мазхаптын жайылышына өздөрүнүн таасирин тийгизишкен. Бул аалымдар жөнүндө маалымат берип, аларды илим чөйрөсүнө, дегеле жалпы элге таанытуу максатында алардын өмүр таржымалын камтыган көптөгөн китептер жазылган. Бул макалада мына ушул багытта жазылган китептер тууралуу маалымат берилет.

***Ачкыч сөздөр:*** Ханафий мазхабы, фыкх илими, табакат, аалымдар.

## Bibliographic Works Written About The Scholars Of The Hanafi Sect

**Abstract**

Hanafi sect - one of the fiqh schools. The imam of this sect is Abu Hanifa. However, many scholars contributed to the development of the Hanafi school as a fiqh school. These scholars contributed to the expansion of the Hanefi school with their works, ideas, activities and students. Many works have been written in order to introduce and spread Hanafi scholars around the science. Information about these works will be given in our article.

***Keywords:*** Hanafi sect, ilm al-fiqh, tabaqat, islamic scholars.

Табакат (الطَّبقات) – араб тилиндеги сөз. “Кабат-кабат турган эки нерсенин бири-бирине чак болушу, бийиктиги, деңгээли жана жайгашкан орду жагынан бири-бирине төп келиши; катмар, кабат” сыяктуу маанилерди туюнткан “الطَّبَقَة-табака”

* Ph.D., ОшМУ Арашан гуманитардык институту, uzgents@gmail.com

деген сөздүн көптүк түрү болуп саналат. Ал эми диний-илимий терминологияда сахабалар,[1] таабиундар,[2] аалымдар, адабиятчылар, акындар жана өнөрпоздор, суфийлер[3] жана ойчулдар сыяктуу белгилүү бир багытта таанымал болгон адамдардын өмүр таржымалдары тууралуу жазылган эмгектер табакат китептери деп аталат.

Ал эми фыкх илиминде[4] табакат деген түшүнүктүн эки түрдүү мааниде колдонулганын көрүүгө болот. Биринчиси, фыкх аалымдарынын (фукаха) өмүр таржымалдарын камтыган китептер болуп эсептелет. Мындай китептер көбүнчө "Табакатул-ханафиййа", "Табакатуш-шаафиййа" сыяктуу аталыштарга ээ болот. Экинчи мааниси болсо, мына ушул аалымдардын илимий жетишкендиктери боюнча даражалары. Булар "табакатул-мужтахидийн" деп аталат.

Ислам илимдеринин башка тармактары сыяктуу эле фыкх илиминин пайдубалы да Азирети Мухаммеддин (с.а.в) пайгамбарлыгы убагында түптөлгөн. Жыйырма үч жылга жакын убакытты камтыган бул мезгил фыкх илиминин негизги өзөгүн түзөт жана кийинки убактардагы фыкх илимине байланыштуу бардык илимий иш-аракеттердин булагы болуп эсептелет. Ал эми сахаба жана табиун доорунда болсо фыкх илим катары негизделе баштап, бул илимге тиешелүү маселелер

---

[1] Азирети Пайгамбардын (с.а.в) убагында жашап, мусулман болуп аны көргөн, анын сөздөрүн уккан жана мусулман катары өлгөн кишилер сахаба деп аталат.

[2] Мусулман болуп сахабаларды көргөн жана мусулман катары өлгөн кишилер табиун деп аталат.

[3] Тасаввуф жолуна түшүп, напси менен күрөшүп жүргөн жана бул күрөштү соңуна чыгарып, руханий жактан бышып жетилген, кемелине келген киши суфий деп аталат.

[4] Ислам илимдеринин адамдын жеке жана коомдук жашоосун жөнгө салган эрежелер жыйындысын камтыган тармагы "фыкх илими" деп аталат. Ибадаттардан тартып диний жоопкерчилик-милдеттерге тиешелүү негиздер жана коомдук жашоону тескеген нормалар бул илимде каралат. Ошондуктан фыкхты адамдын жеке өзү, Жаратуучусу, табият жана коомдогу башка адамдар менен болгон мамиле, карым катнашы тууралуу илим деп атоого да мүмкүн.

боюнча ар түрдүү көз караш жана пикирлер пайда болгон жана ар тарапка жайыла баштаган. Муну улай келген убакытта аалымдардын жигердүү илимий иш-аракеттеринин натыйжасында фыкх илими бышып жетилген. Ошону менен бирге, Куран жана сүннөттөгү фыкх маселелерине тиешелүү тексттерди чечмелөө, булардан өкүм чыгарууда колдонулган усул жана ыкмалардагы айырмачылыктардан жана башка айрым себептерден улам фыкх мектептери пайда боло баштаган. Мына ушул фыкх илими багытындагы мектептердин бири “ханафий мазхабы” болуп саналат. “Абу Ханифа” деген ат менен таанымал болгон Нуман б. Сабит бул мазхаптын башкы имамы болуп, анын атынан улам жогорудагыдай аталышты алган. Бул мазхаптын негизделишинде Абу Ханифа менен катар анын көрүнүктүү окуучуларынын да өтө чоң салымы болгон. Алардан кийинки мезгилдерде жашаган аалымдар да жазган китептери, фыкх маселелерине тиешелүү көз караш жана пикирлери аркылуу ханафий мазхабынын өнүгүшүнө өздөрүнүн салымдарын кошушкан. Мына ошол аалымдар жөнүндө маалымат берип, аларды илим чөйрөсүнө, дегеле жалпы элге таанытуу максатында алардын өмүр таржымалын камтыган көптөгөн китептер жазылган. Ханафий мазхабын карманган жалпы аалымдардын өмүр таржымалын баяндаган отуздан ашуун китеп жазылып, булардын көпчүлүгү азыркы учурга чейин жеткен. Төмөндө мына ушул китептер тууралуу маалымат бермекчибиз.

### Басмадан чыккан китептер

1. Хусейин б. Али ас-Саймарий (ө.ж. 436/1045), “Ахбару Аби Ханифа ва асхабих”.[5] Абу Ханифа жана ханафий мазхабынын аалымдары тууралуу жазылып, бул багыттагы азыркы учурга чейин жеткен алгачкы эмгек болуп эсептелет. Бул китепте Абу Ханифадан баштап IV/X кылымдын аягына чейин жашаган ханафий аалымдар тууралуу маалымат берилген. 1965, 1974-жылдары Хайдарабадда,

[5] Каххала, Умар Риза. *Мужамул-муаллифин тараажими мусаннифил-кутубил-Арабиййа.* – Бейрут: Муассасатур-рисала, 1993. – 1-т. – 627-б. Başoğlu, Tuncay. Saymerî, Hüseyin b. Ali // *DİA.* – İstanbul, 2009. – c. 36. – s. 216.

1405/1985-жылы Бейрутта (басм.даяр.: Абул-Вафа ал-Афганий) басылып чыккан.

2. Абдулкадир б. Мухаммед ал-Кураший (ө.ж. 775/1373), **"ал-Жаваахирул-музиййа фи табакатил-Ханафиййа".**[6] Ханафий аалымдарынын өмүр таржымалдары эң кеңири баяндалган азыркы учурга чейин жеткен алгачкы китеп болуп эсептелет. Бул китепте Абу Ханифадан (ө.ж. 80/150) баштап 771/1370-жылга чейин жашаган 2124 аалымдын өмүр таржымалы алфавиттик тизмеге ылайык берилген. 1332/1914-жылы Хайдарабадда, 1398-1399/1978-1979, 1413/1993-жылдары Каирде (басм.даяр.: Абдулфаттах Мухаммед ал-Хулв) басылып чыккан.

3. Зайнуддин Касым Ибн Кутлубога (ө.ж. 879/1474), **"Таажут-тараажим фи табакатил-Ханафиййа".**[7] Бул китеп 350гө жакын аалымдын өмүр таржымалын камтыйт. Мында аалымдар алфавиттик иретте берилип, алардын толук аты жөнү, устаттары, жазган китептери, окуучулары жана өлгөн жылы жөнүндө маалымат берилген.1862-жылы Лейпцигде (Германия), 1962-жылы Багдатта, 1412/1993 (басм.даяр.: Ибрахим Салих), 1413/1992-жылдары (басм.даяр.: Мухаммед Хайр Рамазан Йусуф) Дамаскта жарыкка чыккан.

4. Ахмед б. Мустафа Ташкопризаде (ө.ж. 968/1561), **"аш-Шакаикун-Нуманиййа фи уламаид-давлатил-Усманиййа".**[8] Осмон мамлекети түптөлгөн убактан баштап 1558-жылга чейин бийлик жүргүзгөн ар бир падышанын доору өзүнчө топко (табакат) бөлүнүп, Осмон мамлекетинде жашаган 521 аалымдын өмүр таржымалы баяндалган. 1299/1882, 1310/1893-жылдары Каирде, 1975-жылы Бейрутта, 1985-жылы Стамбулда жарык көргөн (басм.даяр.: Ахмет Субхи Фурат).

---

[6] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 1-т. – 616-617-б. Brockelmann, Carl. *Geschichte der Arabischen litteratur (GAL).* – Leiden: Brill, 1943-1949. – Vol. 2. – p. 97. Brockelmann, Carl. *Supplementband (Suppl.).* – Leiden: Brill, 1937-1942. – Vol. 2. – p. 89. Erbay, Celal. el-Cevâhirü'l-mudıyye // *DİA*. – Ankara, 1993. – c. 7. – s. 433-434.

[7] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 1-т. – 269-б. Sakallı, Talat. İbn Kutluboğa // *DİA*. – İstanbul, 1999. – c. 20. – s. 153.

[8] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 2-т. – 157-158-б. Özcan, Abdülkadir. eş-Şekâiku'n-Nu'mâniyye // *DİA*. – İstanbul, 2010. – c. 38. – s. 486-485.

5. Кыналызаде Али Эфенди (ө.ж. 979/1572), **“Табакатул-Ханафиййа”.**[9] Абу Ханифадан баштап Шамсуддин Ахмед б. Сулайман Ибн Кемалга (ө.ж. 940/1534) чейинки 286 аалымды илимий даражасына жараша 21 топко (табакат) бөлүп, алар жөнүндө кыскача маалымат берген. Мухйий Хилал ас-Сархан тарабынан басмага даярдалып, 1426/2005-жылы Багдатта жарыкка чыккан. Ошондой эле, Ахмед Найла тарабынан басмага даярдалып, автору Ташкопризаде деп көрсөтүлгөн жана 1954, 1961-жылдары Мусулда жарыкка чыккан китеп да Кыналызадеге таандык мына ушул “Табакатул-Ханафиййа” болуп эсептелет.[10]

6. Такиййуддин б. Абдулкадир ат-Тамимий (ө.ж. 1010/1601), **“ат-Табакатус-саниййа фи тараажимил-Ханафиййа”.**[11] Абу Ханифадан тартып автордун убагына чейин жашаган 2523 аалымдын өмүр таржымалы баяндалат. 1403-1410/1983-1989-жылы Риядда басылып чыккан (басм.даяр.: Абдулфаттах Мухаммед ал-Хулв).

7. Али б. Султан ал-Каарий (ө.ж. 1014/1605), **“ал-Асмарул-жаниййа фи асмааил-Ханафиййа”.**[12] Патнада (Индия), 1430/2009-жылы Багдатта жарык көргөн (басм.даяр.: Абдулмухсин Абдуллах Ахмед).

8. Мухаммед Абдулхай ал-Лакнавий (ө.ж. 1304/1886) **“ал-Фаваидул-бахиййа фи тараажимил-Ханафиййа”.**[13] Лакнавий бул китебин Махмуд б. Сулайман ал-Кафавийдин **“Катаaибу аалаамил-ахйар мин фукахаи мазхабин-Нуманил-мухтар”** аттуу китебин кыскартып жана айрым кошумча маалыматтар менен толуктап

---

[9] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 2-т. – 1099-б.

[10] Сархан, Мухйий Хилал. Тасхиху хатаин кабир “Китабу Табакатил-фукаха” ал-мансуб ила Ташкопризаде хува ли Ибнил-Хиннаий // *Мажаллатул-мавридил-Иракий.* – Багдат, 1981. - № 3-4. – 483-479-б.

[11] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 1-т. –394-б. – 2-т. – 1098-б. Багдадий, Исмаил Паша. *Хадиййатул-аарифин асмааул-муаллифин ва аасаарул-мусаннифин.* – Стамбул, 1951. – 1-т. – 245

[12] Лакнавий, Мухаммед Абдулхай. *ал-Фаваидул-бахиййа фи тараажимил-Ханафиййа.* – басм.даяр.: Мухаммед Бадруддин Абу Фирас ан-Насаний. – Бейрут: Дарул-марифа. – 8-б. Зириклий, Хайруддин. *ал-Аалам: камусу тараажими ли ашхарир-рижал ван-ниса минал-араби вал-мустарабина вал-мусташрикин.* – Бейрут: Дарул-илим лил-малайин, 2002. – 5-т. – 12-13-б.

[13] Brockelmann. *Suppl.* – Vol. 2. – p. 645, 857. Зириклий. *ал-Аалам.* – 5-т. – 187-б. Ünal, Halit. el-Fevâidü’l-behiyye // *DİA.* – İstanbul, 1995. – c. 12. – s. 502.

жазган. Китепте Абу Ханифадан баштап Кафавийге (ө.ж. 990/1582) чейин жашаган 524 аалым тууралуу маалымат берилген. 1293/1876, 1304/1888-жылдары Лакнахордо (Индия), 1304/1888, 1324/1908, 1918, 1924-жылдары Каирде, 1903-жылы Казанда жарыкка чыккан.

9. Мухаммед Махрус Абдуллатиф Мударрис, **"Машаайиху Балх минал-Ханафиййа ва маа инфараду бихи минал-масаилил-фыкхиййа"**.[14] Ирандын түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан Хорасан аймагы ханафий мазхабынын жайылып, үйрөтүлүп, укуктук жана соттук иштерде өкүмдөрү колдонулган алгачкы аймактардын катарына кирет. Бул аймакта ханафий аалымдарынын эң көп жайгашкан жери Балх шаары болгон. Ошондуктан Хорасан аймагындагы аалымдар "машаайиху Балх" деп аталган. Бул китепте мына ушул аалымдар тууралуу маалымат берилген. 1978-жылы Багдатта басмадан чыккан.

10. Йусуф Зийа Кавакчы, **"XI. ve XII. Asırlarda Karahanlılar Devrinde Mâvarâ' al-Nahr İslâm Hukukçuları"**.[15] XI жана XII кылымдарда Караханийлердин тушунда жашаган 180ге жакын Мавераунnaхр ханафий аалымы туурасында маалымат берилген. 1976-жылы Анкарада басмадан чыккан.

11. Алимжианг Атавула, **"Mâverâunnehr Fakihleri ve Eserleri (Hicri 6. ve 8. Asırlar arası)"**.[16] 2000-жылы Стамбул шаарындагы Мармара Университетинде жакталган магистрик диссертация. Мында VI/XII-VIII/XIV кылымдарда Мавераунnaхр аймагында жашаган аалымдар тууралуу маалымат берилген.

12. Ахмет Өзел, **"Hanefi Fıkıh Âlimleri ve Diğer Mezheplerin Meşhurları"**.[17] Бул китепте 308 ханафий аалымдын өмүр таржымалы баяндалган. 1990, 2006, 2013-жылдары Анкарада басылган.

13. Жаркынбай Себетов, **"Ханафий мазхабынын аалымдары"**. Бул китепте ханафий мазхабынын башкы имамы Абу Ханифа жана анын устаттары кошулуп XX кылымдын башына чейин жашаган жалпы 163

---

[14] Себетов Жаркынбай. *Ханафий мазхабынын аалымдары*. Бишкек, 2017. – 215-б.

[15] Özel, Ahmet. Hanefî Mezhebi (Literatür) // *DİA*. – İstanbul, 1997. – с. 16. – s. 26. Себетов. *Ханафий мазхабынын аалымдары*. – 215-б.

[16] Себетов. *Ханафий мазхабынын аалымдары*. – 215-б.

[17] Özel. Hanefî Mezhebi (Literatür) // *DİA*. – с. 16. – s. 26. Себетов. *Ханафий мазхабынын аалымдары*. – 215-б.

таанымал ханафий аалымдын өмүр таржымалы баяндалган. Аалымдар жашаган убагына карай иреттелип, ар биринин толук атыжөнү, туулган жылы жана жери, илим алган устаттары, окуучулары, өлгөн жылы жана жазган эмгектери жөнүндө маалымат берилген. 2017-жылы Бишкекте жарык көргөн.

**Кол жазма китептер:**

1. Нажмуддин Ибрахим б. Али ат-Тарсусий (ө.ж. 758/1357), **"Уржуза фи вафайатил-аайаан мин мазхабин-Нуман"**.[18] Бул китепте Абу Ханифадан тартып Абул-Хасан Али б. Осмон Ибнут-Туркманийге (ө.ж. 750/1349) чейин жашап өткөн ханафий аалымдардын өлгөн жылдары тууралуу маалымат берилген. (Түркия Республикасы, Көпрүлү йазма эсерлер китепканасы, Мехмет Асым Бей бөлүмү, № 84/3).

2. Ибрахим б. Мухаммед Ибн Докмак (ө.ж. 809/1407), **"Назмулжуман фи табакати асхаби Имаминаа ан-Нуман"**.[19] Үч томдук китеп. Биринчи томдо Абу Ханифа тууралуу, калган эки томдо IX/XV кылымга чейин жашаган ханафий аалымдар тууралуу маалымат берилген. (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Серез, № 1827, Турхан Валиде Султан, № 251).

3. Мухаммед б. Йакуб ал-Фирузабадий (ө.ж. 817/1415), **"ал-Миркатул-вафиййа фи табакатил-Ханафиййа"**.[20] (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Реисулкуттаб Мустафа Эфенди бөлүмү, № 671, 672).

4. Абул-Хайр Шамсуддин Мухаммед б. Мухаммед ал-Жазарий (ө.ж. 833/1429), **"ад-Даражатул-алиййа фи табакатил-уламаил-Ханафиййа"**.[21] (Түркия Республикасы, Топкапы китепканасы, III Ахмед бөлүмү, № 2831).

5. Абул-Хайр Шамсуддин Мухаммед б. Абдуррахим ас-Сахавий (ө.ж. 902/1497), **"Табакатул-Ханафиййа"**.[22] (Сауд Аравиясы, Мекке

---

[18] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун*. – 2-т. – 1098-б.

[19] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун*. – 2-т. – 1098-б.

[20] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун*. – 2-т. – 1098, 1657-б.

[21] Altıkulaç, Tayyar. İbnü'l-Cezerî // DİA. – c. İstanbul 1999. – c. 20. – s. 557.

[22] Çeker, Huzeyfe. Hanefî Tabakatlarının Yazma Nüshaları // Tahkik İslamî İlimler Araştırma ve Neşir Dergisi. – İstanbul, 2018. - № ½. – 98-99-s.

Уммул-кура университети, Илимий изилдөөлөр институтунун китепканасы, Тарых бөлүмү, № 335).

6. Шамсуддин Мухаммед б. Али Ибн Толун (ө.ж. 953/1546), **“ал-Гурафул-алиййа фи тараажими мутааххирил-Ханафиййа”**.[23] Абдулкадир б. Мухаммед ал-Курашийге (ө.ж. 775/1373) таандык **“ал-Жаваахирул-музиййа фи табакатил-Ханафиййа”** аттуу китепке “зайл” катары жазылган эмгек.[24] (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Шехид Али Паша бөлүмү, № 1924).

7. Ибрахим ал-Халебий, **“Мухтасарул-Жаваахирил-музиййа”**.[25] Абдулкадир б. Мухаммед ал-Курашийге (ө.ж. 775/1373) таандык **“ал-Жаваахирул-музиййа фи табакатил-Ханафиййа”** аттуу китептин кыскартылган түрү. (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Шехид Али Паша бөлүмү, № 1941/1, Эсад Эфенди бөлүмү, № 605/1, 3699/49).

8. Махмуд б. Сулайман ал-Кафавий (ө.ж. 990/1582), **“Катааибу аалаамил-ахйаар мин фукахаи мазхабин-Нуманил-мухтар”**.[26] Бул китепте ханафий аалымдар 22 топко бөлүнүп каралган. (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Ашир Эфенди бөлүмү, № 263, Жаруллах Эфенди бөлүмү, № 1580, С. Шехид Али Паша бөлүмү, № 1931, Эсад Эфенди бөлүмү, № 263).

9. Мехмед Эфенди Эдирневий (ө.ж. 1059/1649), **“Махааммул-фукаха фи табакатил-Ханафиййа”**.[27] (Түркия Республикасы, Сулайманийе китепканасы, Ашир Эфенди бөлүмү, № 422).

10. Солакзаде Халил Эфенди (ө.ж. 1095/1684), **“Табакатул-Ханафиййа”**.[28] (Түркия Республикасы, Бейазыт китепканасы, Велиййуддин Эфенди бөлүмү, № 1606).

---

[23] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун*. – 2-т. – 1098-б.

[24] “Зайл” – Кандайдыр бир китептин ички мазмунун же хронологиялык түзүлүшүн толуктоо, айрым кемчиликтерин жойуу жана айрым маалыматтар кошумчалоо аркылуу жазылган китеп.

[25] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун*. – 2-т. – 1099-б.

[26] Brockelmann. *GAL*. – Vol. 2. – p. 572-573. – *Suppl*. – Vol. 2. – p. 288. Зириклий. *ал-Аалам*. – 7-т. – 172-б. Özel, Ahmet. Kefevî, Mamûd b. Süleymân // *DİA*. – Ankara, 2002. – c. 25. – s. 185-186.

[27] Özel. Hanefî Mezhebi (Literatür) // *DİA*. – c. 16. – s. 26. Себетов. *Ханафий мазхабынын аалымдары*. – 216-б.

Ошондой эле, булактарда Салахуддин Абдуллах Мухаммед ал-Мухандис (ө.ж. 709/1309), Такиййуддин Ахмед б. Али ал-Макризий (ө.ж. 845/1442), Бадруддин ал-Айний (ө.ж. 855/1451), Шамсуддин Ибн Ажаа ал-Халебий (ө.ж. 959/1552), Абул-Фазл Ибнуш-Шихна ал-Халебий, Мухаммед б. Умар (ө.ж. 959/1552) жана Кутбуддин Мухаммед б. Алауддин ал-Меккий (ө.ж. 990/1582) сыяктуу кишилердин да ханафий аалымдардын өмүр таржымалы тууралуу китеп жазгандыгы маалымдалат.[29] Бирок, булар азыркы учурга чейин жеткен эмес.

**Колдонулган адабияттар**

Багдадий, Исмаил Паша. *Ийзахул-макнун фи зайли ала Кашфиз-зунун.* Бейрут: Дару ихйаит-турасил-Арабий.

Багдадий, Исмаил Паша. *Хадиййатул-аарифин асмааул-муаллифин ва аасаарул-мусаннифин.* – Стамбул, 1951.

Зириклий, Хайруддин. *ал-Аалам: камусу тараажими ли ашхарир-рижал ван-ниса минал-араби вал-мустарабина вал-мусташрикин.* – Бейрут: Дарул-илим лил-малайин, 2002.

Каххала, Умар Риза. *Мужамул-муаллифин тараажими мусаннифил-кутубил-Арабиййа.* – Бейрут: Муассасатур-рисала, 1993.

Лакнавий, Мухаммед Абдулхай. *ал-Фавааидул-бахиййа фи тараажимил-Ханафиййа.* – басм.даяр.: Мухаммед Бадруддин Абу Фирас ан-Насаний. – Бейрут: Дарул-марифа.

Сархан, Мухйий Хилал. Тасхиху хатаин кабир “Китабу Табакатил-фукаха” ал-мансуб ила Ташкопризаде хува ли Ибнил-Хиннаий // *Мажаллатул-мавридил-Иракий.* – Багдат, 1981. - № 3-4. – 483-479-б.

Себетов Жаркынбай. *Ханафий мазхабынын аалымдары.* Бишкек, 2017.

Altıkulaç, Tayyar. İbnü’l-Cezerî // DİA. – c. İstanbul 1999. – c. 20. – s. 551-557.

Başoğlu, Tuncay. Saymerî, Hüseyin b. Ali // *DİA.* – İstanbul, 2009. – c. 36. – s. 215-216.

[28] Özel. Hanefî Mezhebi (Literatür) // *DİA.* – c. 16. – s. 26. Багдадий, Исмаил Паша. *Ийзахул-макнун фи зайли ала Кашфиз-зунун.* Бейрут: Дару ихйаит-турасил-Арабий. – 2-т. – 78-б. Себетов. *Ханафий мазхабынын аалымдары.* – 216-б.

[29] Катиб Челебий. *Кашфуз-зунуун.* – 2-т. –1097-1099-б. Багдадий. *Ийзахул-макнун.* – 1-т. – 78-б.

Brockelmann, Carl. *Geschichte der Arabischen litteratur (GAL)*. – Leiden: Brill, 1943-1949.

Brockelmann, Carl. *Supplementband (Suppl.)*. – Leiden: Brill, 1937-1942.

Çeker, Huzeyfe. Hanefî Tabakatlarının Yazma Nüshaları // Tahkik İslamî İlimler Araştırma ve Neşir Dergisi. – İstanbul, 2018. - № ½. – 83-119-s.

Erbay, Celal. el-Cevâhirü'l-mudıyye // *DİA*. – Ankara, 1993. – c. 7. – s. 433-434.

Özel, Ahmet. Hanefî Mezhebi (Literatür) // *DİA*. – İstanbul, 1997. – c. 16. – s. 21-27.

Özel, Ahmet. Kefevî, Mamûd b. Süleymân // *DİA*. – Ankara, 2002. – c. 25. – s. 185-186.

Ünal, Halit. el-Fevâidü'l-behiyye // *DİA*. – İstanbul, 1995. – c. 12. – s. 502.